**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 29-апрели, № 231

**Кыргыз Республикасында кластердик саясатты киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасында мамлекеттик инвестициялык саясатты иш жүзүндө ишке ашыруу, жеке жана мамлекеттик инвестициялардын натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасыны конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Кыргыз Республикасында кластердик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

– үч айлык мөөнөттө кластердик саясат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларын иштеп чыксын;

– министрликтердин жана ведомстволордун, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин орун басарларынын жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнүн ичинен кластерлердин долбоорлорун ишке ашыруу боюнча туруктуу иштөөчү ведомстволор аралык комиссия түзсүн;

– кластерлердин долбоорлорун ишке ашыруу боюнча туруктуу иштөөчү Ведомстволор аралык комиссиянын иш планын иштеп чыксын жана бекитсин.

3. Туруктуу иштөөчү ведомстволор аралык комиссиянын ишин уюштуруучулук, методикалык жана башка камсыздоо Кыргыз

006421 *

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 29 апреля 2023 года № 231

**О внедрении кластерной политики в Кыргызской Республике**

В целях практической реализации государственной инвестиционной политики, обеспечения эффективности частных и государственных инвестиций в Кыргызской Республике, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Определить Министерство экономики и коммерции Кыргызской Республики уполномоченным государственным органом по разработке и реализации кластерной политики в Кыргызской Республике.

2. Министерству экономики и коммерции Кыргызской Республики:

– в трехмесячный срок разработать соответствующие нормативные правовые акты Кыргызской Республики в сфере кластерной политики;

– образовать постоянно действующую межведомственную комиссию по реализации проектов кластеров из числа заместителей руководителей министерств и ведомств, полномочных представителей Президента Кыргызской Республики в областях, местных государственных администраций, органов местного самоуправления и представителей бизнес-сообщества;

– разработать и утвердить План работы постоянно действующей межведомственной комиссии по реализации проектов кластеров.

3. Организационное, методическое и иное обеспечение деятельности постоянно действующей межведомственной комиссии

006198 *

Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине жүктөлсүн.

4. “Ысык-Көл облусундагы “Тоо лыжа кластери” пилоттук долбоору тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

возложить на Министерство экономики и коммерции Кыргызской Республики.

4. Утвердить пилотный проект «Горнолыжный кластер» в Иссык-Кульской области» согласно приложению.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

Тиркеме

**"Ысык-Көл облусундагы "Тоо лыжа кластери" пилоттук долбоору**

## 1. Жалпы жоболор

Кластер – бул белгилүү бир административдик-аймактык бирдиктердин чегинде жайгашкан, бири-бирин өз ара толуктап турган жана айрым компаниялардын жана жалпысынан кластердин атаандаштык артыкчылыктарын бекемдеген эки же андан көп тармактын чарба жүргүзүүчү субъекттеринин тобу.

Кластердин максаты болуп анын ишканаларынын өндүрүмдүүлүгүн, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, кирешелүүлүгүн, инновациялуулугун жана иш менен камсыз болушун жогорулатууга негизделген региондук өнүктүрүү эсептелет.

Кластердин долбоору кластерди өнүктүрүү максатында ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууну билдирет.

Кластердеги башкаруу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бизнес-коомчулуктун макулдашылган өз ара аракеттенүүсүндө аймактык-тармактык принцип боюнча жүзөгө ашырылат. Бул административдик-аймактык бирдиктин инфраструктурасын өнүктүрүүгө инвестициялар мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бизнес-коомчулуктун өз ара аракеттенүүсүнүн предмети болуп саналат.

Кластердин долбоору индикаторлорго жана ченемдик техникалык документтердин көрсөткүчтөрүнө (Мамлекеттик стандарт, Курулуш ченемдери жана эрежелери, Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер, Бирдиктүү ченемдер жана баалар жана Техникалык шарттар) жетишилгендигине жараша ишке ашырылды деп эсептелет.

Кластерде ченемдик техникалык документтерди (Мамлекеттик стандарт, Курулуш ченемдери жана эрежелери, Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер, Бирдиктүү ченемдер жана баалар жана Техникалык шарттар) аткаруу төмөнкүдөй милдеттерди чечет:

– регионду өнүктүрүүдө кызыкдар мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бизнес-коомчулуктун жана жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн күч-аракеттерин бириктирүү;

– жергиликтүү калк үчүн кошумча жумуш орундарын түзүү;

– чет өлкөлүк туристтерге көрсөтүлүүчү туристтик кызматтарды көбөйтүүнүн эсебинен сатып алуучулук суроо-талапты жогорулатуу;

Приложение

**Пилотный проект «Горнолыжный кластер» в Иссык-Кульской области»**

## 1. Общие положения

Кластер – это группа хозяйствующих субъектов двух и более отраслей, базирующихся в границах определенных административно-территориальных единиц, взаимодополняющих друг друга и усиливающих конкурентные преимущества отдельных компаний, и кластера в целом.

Целью кластера является региональное развитие, основанное на повышении производительности, конкурентоспособности, прибыльности, инновационности его предприятий и занятости.

Проект кластера подразумевает разработку нормативной правовой базы в целях развития кластера.

Управление в кластере осуществляется по территориально-отраслевому принципу при согласованном взаимодействии государственных органов, органов местного самоуправления и бизнес-сообщества. Предметом взаимодействия государственных органов, органов местного самоуправления и бизнес-сообщества являются инвестиции в развитие инфраструктуры данной административно-территориальной единицы.

Проект кластера считается реализованным по мере достижения индикаторов и показателей нормативной технической документации (Государственный стандарт, Строительные нормы и правила, Санитарно-эпидемиологические правила и нормативы, Единые нормы и расценки и Технические условия).

Выполнение нормативной технической документации (Государственный стандарт, Строительные нормы и правила, Санитарно-эпидемиологические правила и нормативы, Единые нормы и расценки и Технические условия) в кластере решает следующие задачи:

– объединение усилий представителей заинтересованных государственных органов, органов местного самоуправления, бизнес-сообщества и местного населения в развитии региона;

– создание дополнительных рабочих мест для местного населения;

– повышение покупательского спроса за счет увеличения туристических услуг, предоставляемых иностранным туристам;

– повышение рентабельности и инвестиционной привлекательности участников кластера.

– кластердин катышуучуларынын рентабелдүүлүгүн жана инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу.

## 2. “Ысык-Көл облусундагы “Тоо лыжа кластери” пилоттук долбоору

Ысык-Көл облусундагы тоо лыжа кластери – бул региондогу туристтик жана аны менен байланышкан тармактарга кирген ишканалардын тобу. Ысык-Көл облусундагы “Тоо лыжа кластери” пилоттук долбоорунда олуттуу долбоордук кубаттуулуктагы бир нече тоо лыжа базаларын куруу каралган.

Тоо лыжа курорту төмөнкү компоненттерден турат: көтөргүчү бар трасса, муз тебүүчү аянтча, мейманкана комплекси, коомдук тамактануу ишканалары, маданий-көңүл ачуу жайлары жана медициналык тейлөө борбору.

Ысык-Көл облусунун курорттук зонасында тоо лыжа базаларынын саны жана кубаттуулугу боюнча долбоорду ишке ашыруунун келечегинин жалпы көрүнүшү № 1 таблицада берилген.

**Ысык-Көл облусунда тоо лыжа курортторун курууну эске алуу менен тоо лыжа туризмин өнүктүрүү динамикасы**

№ 1 таблица

| Объекттердин аталышы | Көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **2023-жыл** | **2028-жыл** |
| Тоо лыжа курорт зоналары | 0 | 1 |
| Тоо лыжа базалары, анын ичинен сыйымдуулугу: | 17 | 22 |
| 500дөн аз турист | 14 | 14 |
| 5000дөн ашык турист | 0 | 5 |
| Көтөргүчтөр | 25 | 65 |
| лыжа билеттери, миң | 120,0 | 2000,0 |

Мүмкүн болгон мүнөздөмөлөрү менен пландалган тоо лыжа курортторунун тизмеси № 2 таблицада берилген.

Ошол эле учурда финалдык техникалык-экономикалык негиздеме Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.

Каржылоонун булактары жана түзүмдөрү (тике чет өлкөлүк инвестициялар, зайымдык каражаттар) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.



## 2. Пилотный проект «Горнолыжный кластер» в Иссык-Кульской области»

Горнолыжный кластер в Иссык-Кульской области – это группа предприятий в регионе, относящихся к туристической и сопряженной с ней отраслями. Пилотный проект «Горнолыжный кластер» в Иссык-Кульской области предусматривает возведение несколько горнолыжных баз с существенной проектной мощностью.

Горнолыжный курорт состоит из следующих компонентов: трасса с подъемником, ледниковый каток, гостиничный комплекс, предприятия общественного питания, культурно-развлекательные заведения и центр медицинского обслуживания.

Общее видение перспективы реализации проекта в курортной зоне Иссык-Кульской области по количеству и мощности горнолыжных баз представлено в таблице № 1.

**Динамика развития горнолыжного туризма с учетом возведения горнолыжных курортов в Иссык-Кульской области**

Таблица № 1

| Наименование объектов | Показатели | |
|---|---|---|
| | **2023 год** | **2028 год** |
| Горнолыжные курортные зоны | 0 | 1 |
| Горнолыжные базы, из них вместимостью: | 17 | 22 |
| менее 500 туристов | 14 | 14 |
| более 5000 туристов | 0 | 5 |
| Подъемники | 25 | 65 |
| лыжные билеты, тыс. | 120,0 | 2000,0 |

Перечень планируемых горнолыжных курортов с возможными характеристиками представлен в таблице № 2.

При этом, финальное технико-экономическое обоснование будет предоставляться уполномоченным государственным органом, определяемым Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

Источники и структуры финансирования (прямые иностранные инвестиции, заемные средства) будут определяться уполномоченным государственным органом, определяемым Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

## "Ысык-Көл облусундагы "Тоо лыжа кластери" пилоттук долбоорунун негизги көрсөткүчтөрү

№ 2 таблица

| № | Мүнөздөмөлөрү | Калктуу конуштардын аталыштары | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Боз-Учук айылы | Кереге-Таш айылы | Челпек айылы | Светлая поляна айылы | Жыргалаң айылы | Бардыгы |
| 1. Трассанын жалпы узундугу | | | | | | | |
| 1 | Трассанын жалпы узундугу | 20,5 км | 18,1 км | 23,7 км | 22,7 км | 17,3 км | 102,3 км |
| 2. Трассанын жалпы аянты | | | | | | | |
| 2 | Трассанын жалпы аянты | 131 га | 75 га | 170 га | 235,6 га | 140 га | 751,6 га |
| 3. Трассанын татаалдыгы боюнча катышы | | | | | | | |
| 3 | Кара, күрөң (эңкейиши > 22° | 18% | Өзүнчө участоктор | Өзүнчө участоктор | Өзүнчө участоктор | Өзүнчө участоктор | 2,82% |
| 4 | Кызыл, (эңкейиши 14-22) | 50% | 55% | 23% | 15% | 11% | 30,8% |
| 5 | Көк, (эңкейиши 10-14) | 16% | 19,7% | 54% | 59% | 60% | 41,74% |
| 6 | Жашыл, (эңкейиши 6-10) | 16% | 29,2% | 23% | 26% | 29% | 24,64% |
| 4. Аймактык сыйымдуулугу | | | | | | | |
| 7 | Орточо суммалык өзгөрүү | h = 455 м | h = 750 м | h = 578 м | h = 535,9 м | h = 495 м | |
| 8 | Ченемдик өзгөрүү | H = 4000 м | H = 4000 м | H = 3500 м | H = 3500 м | H = 3500 м | |
| 9 | Түшүүлөрдүн орточо саны | k = 8,8 | k = 5 | k = 6 | k = 6,5 | k = 5 м | |
| 10 | Саат боюнча суммалык өткөрүү жөндөмдүүлүгү | $П_{\Sigma}$ = 5500 адам/саат | $П_{\Sigma}$ = 2500 адам/саат | $П_{\Sigma}$ = 5400 адам/саат | $П_{\Sigma}$ = 10400 адам/саат | $П_{\Sigma}$ = 2500 адам/саат | $П_{\Sigma}$ = 26300 адам/саат |



## Основные показатели пилотного проекта «Горнолыжный кластер» в Иссык-Кульской области»

Таблица № 2

| № | Характеристики | Наименования населенных пунктов | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | село Боз-Учук | село Кереге-Таш | село Чельпек | село Светлая поляна | село Джергалан | Итого |
| 1. Общая протяженность трасс | | | | | | | |
| 1 | Общая протяженность трасс | 20,5 км | 18,1 км | 23,7 км | 22,7 км | 17,3 км | 102,3 км |
| 2. Общая площадь трасс | | | | | | | |
| 2 | Общая площадь трасс | 131 га | 75 га | 170 га | 235,6 га | 140 га | 751,6 га |
| 3. Соотношение трасс по сложности | | | | | | | |
| 3 | Черные, коричневые (уклоны > 22°) | 18 % | Отдельные участки | Отдельные участки | Отдельные участки | Отдельные участки | 2,82 % |
| 4 | Красные, (уклон 14-22) | 50 % | 55 % | 23 % | 15 % | 11 % | 30,8 % |
| 5 | Синие, (уклон 10-14) | 16 % | 19,7 % | 54 % | 59 % | 60 % | 41,74 % |
| 6 | Зеленые, (уклон 6-10) | 16 % | 29,2 % | 23 % | 26 % | 29 % | 24,64 % |
| 4. Территориальная вместимость | | | | | | | |
| 7 | Средний суммарный перепад | h = 455 м | h = 750 м | h = 578 м | h = 535,9 м | h = 495 м | |
| 8 | Нормативный перепад | H = 4000 м | H = 4000 м | H = 3500 м | H = 3500 м | H = 3500 м | |
| 9 | Среднее количество спусков | k = 8,8 | k = 5 | k = 6 | k = 6,5 | k = 5 м | |
| 10 | Суммарная часовая пропускная способность | $П_{\Sigma}$ = 5500 чел./час | $П_{\Sigma}$ = 2500 чел./час | $П_{\Sigma}$ = 5400 чел./час | $П_{\Sigma}$ = 10400 чел./час | $П_{\Sigma}$ = 2500 чел./час | $П_{\Sigma}$ = 26300 чел./час |
| 11 | Время катания в день | N = 6 часов | N = 6 часов | N = 6 часов | N = 6 часов | N = 6 часов | N = 6 часов |
| 12 | Численность лыжников, катающихся за 1 день | 3750 чел./день | 3000 чел./день | 5400 чел./день | 7500 чел./день | 3000 чел./день | 22650 чел./день |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Күнүнө тебүү убактысы | N = 6 саат | N = 6 саат | N = 6 саат | N = 6 саат | N = 6 саат | N = 6 саат |
| 12 | Лыжа тээп жүргөн лыжачы-лардын саны, 1 күндө | 3750 адам/ күн | 3000 адам/ күн | 5400 адам/ күн | 7500 адам/ күн | 3000 адам/ күн | 22650 адам/ күн |
| 13 | Лыжа тээп баштаган лыжачы-лардын саны, 1 күндө | $E_н$ = 900 адам/ күн | $E_н$ = 500 адам/ күн | $E_н$ = 2400 адам/ күн | $E_н$ = 2500 адам/ күн | $E_н$ =900 адам/ күн | $E_н$ = 7200 адам/ күн |
| 14 | Лыжа тебүүчү-лөрдүн, лыжа тебүүнү баштаган-дардын жана эс алуучу туристтер-дин жалпы саны, 1 күндө (20 % – эс алуучу-лар) | E = 5580 адам/ күн | E = 4200 адам/ күн | E = 9360 адам/ күн | E = 12000 адам/ күн | E = 4200 адам/ күн | E = 35340 адам/ күн |

Эсептөө көтөргүч-транспорттук түзүлүштөрдү долбоорлоону, монтаждоону жана эксплуатациялоону жүргүзгөн инженердик-техникалык кызматкерлер үчүн М.Б. Беркмандын “Асма аркан жолдору” методикасынын негизинде жүргүзүлгөн.

Зарылдыгына жараша кайра эсептөө эл аралык практикада колдонулган методикаларга ылайык жүргүзүлөт.

## 3. Долбоорду ишке ашыруу механизми

Кластердин методологиясы ченемдик эсепке алуу методуна негизделген. Эсепке алуунун ченемдик методу эсептөөлөр жана инвестициянын кайтарымдуулугу үчүн техникалык, экономикалык, ошондой эле укуктук негизди камсыз кылууга багытталган. Кайтарымдуулукту эсепке алуу рентабелдүүлүктүн ченеминин жогорулашынын эсебинен топтоонун тездетилген методуна негизделген.



| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Численность лыжников, начинающих кататься, за 1 день | $E_н$ = 900 чел./ день | $E_н$ = 500 чел./ день | $E_н$ = 2400 чел./ день | $E_н$ = 2500 чел./ день | $E_н$ =900 чел./день | $E_н$ = 7200 чел./ день |
| 14 | Общая численность лыжников, начинающих кататься и отдыхающих туристов, за 1 день (20 % – отдыхающих) | E = 5580 чел./ день | E = 4200 чел./ день | E = 9360 чел./ день | E = 12000 чел./ день | E = 4200 чел./день | E = 35340 чел./ день |

Расчет производился на основании методики М.Б. Беркмана «Подвесные канатные дороги» для инженерно-технических работников, занимающихся проектированием, монтажом и эксплуатацией подъемно-транспортных устройств.

При необходимости перерасчет будет осуществляться согласно методикам, применяемым в международной практике.

## 3. Механизм реализации проекта

Методология кластера основана на нормативном методе учета. Нормативный метод учета призван обеспечить техническую, экономическую, а также правовую основу для расчетов и окупаемости инвестиций. В основе расчета окупаемости лежит ускоренный метод накопления за счет повышенной нормы рентабельности.

По итогам мониторинга будет осуществляться перенаправление инвестиционных ресурсов. Выбор новых инвестиционных вложений основывается на предпочтениях по приоритету: от максимально рентабельных проектов – к менее рентабельным проектам.

Прибыль предприятий участников кластера от реализации продукции и услуг (работ) является источником рефинансирования дальнейшего развития кластера. Суммарная общая прибыль от общей деятельности кластера направляется на дальнейшее развитие кластера.

## 4. Ожидаемые результаты

Оценка реализации проекта будет определяться динамикой роста горнолыжных курортов. При этом увеличение численности

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча инвестициялык ресурстар кайра багытталат. Жаңы инвестициялык салымдарды тандоо максималдуу рентабелдүү долбоорлордон – азыраак рентабелдүү долбоорлорго карата артыкчылык боюнча негизделет.

Продукцияны жана кызмат көрсөтүүлөрдү (жумуштарды) сатуудан кластердин катышуучуларынын ишканаларынын пайдасы кластерди андан ары өнүктүрүүнү кайра каржылоонун булагы болуп саналат. Кластердин жалпы ишинен алынган жалпы пайда кластерди андан ары өнүктүрүүгө багытталат.

## 4. Күтүлүүчү натыйжалар

Долбоорду ишке ашырууну баалоо тоо лыжа базаларынын өсүү динамикасы менен аныкталат. Ошол эле учурда чет өлкөлүк туристтердин санынын көбөйүшү ата мекендик ишканалар саткан продукциянын көлөмүнүн жогорулашын белгилейт.

Дүйнөлүк практикага ылайык тоо лыжа курортунун субъекти орточо 750гө жакын адамды жумуш менен камсыздай алат. Ошол эле учурда коомдук тамактануу, турак жай-коммуналдык чарба, социалдык чөйрө (саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият, эс алуу) сыяктуу чектеш тармактарда кошумча 20 миңге чейин жумуш орундары түзүлүшү күтүлүүдө.

“Тоо лыжа кластери” пилоттук долбоорун ишке ашыруу экологиялык коопсуздук жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ишке ашырылат. Долбоор эл аралык келишимдерге каршы келбейт, жалпы кабыл алынган эл аралык практикага, финансылык операцияларды жүргүзүү эрежелерине ылайык келет. Ошондой эле долбоор өлкөнүн туристтик имиджин жогорулатууга жардам берет.

## 5. Милдеттердин аткарылышын баалоо механизмдери

Милдеттерди баалоо механизмдери (күч-аракеттерди бириктирүү, сатып алуучулук суроо-талапты жогорулатуу, рентабелдүүлүктү жогорулатуу) экономикалык адабиятта көрсөтүлгөн жалпы таанылган тиешелүү методдор жана жол-жоболор менен ишке ашырылат.



иностранных туристов предусматривает повышение объема продукции, реализуемой отечественными предприятиями.

Согласно мировой практике в среднем субъект горнолыжного курорта может обеспечить рабочими местами около 750 человек. При этом ожидается, что в смежных отраслях, таких, как общественное питание, жилищно-коммунальное хозяйство, социальная сфера (здравоохранение, образование, культура, отдых) могут быть дополнительно созданы до 20 тысяч рабочих мест.

Реализация пилотного проекта «Горнолыжный кластер» будет осуществляться в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики по экологической безопасности и охране окружающей среды. Проект не противоречит международным договорам, соответствует общепринятой международной практике, правилам ведения финансовых операций. Также проект будет способствовать повышению туристического имиджа страны.

## 5. Механизмы оценки выполнения задач

Механизмы оценки задач (объединение усилий, повышение покупательского спроса, повышение рентабельности) будут осуществляться соответствующими общепризнанными методами и подходами, указанными в экономической литературе.